**1-ТИРКЕМЕ**

**Урматтуу абитуриенттер!**

**ЖМАнын стипендиясынын билдирмесинде сиздер көрсөткөн маалыматтар төмөндө саналып өткөн расмий документтер менен ырасталууга тийиш:**

**Көңүл бургула**: Баардык жылдызча менен белгиленген (*) документтердин түп нускалары же нотариаттан ырасталган көчүрмөлөрү берилет.

| | | |
|---|---|---|
| 1. Толтурулган ЖМА стипендиясынын арызы (чапталган 3х4 см сүрөт менен). | | |
| 2. 3х4 см өлчөмүндөгү түстүү, паспорт түрдүү, сүрөтү (3 шт). | | |
| 3. Паспортуңуздун көчүрмөсү. Эгер паспортуңуз жок болсо, туулгандыгы тууралуу күбөлүгүңүздүн көчүрмөсү. | | |
| 4. Орто билимиңизди күбөлөндүрүүчү аттестаттын көчүрмөсү. Эгерде, тапшырып жаткан учурда, сиз 11-класста же колледж, институттардын биринде окуп жатсаңыз, мектептен 11- класстын окуучусу деген, колледж жана институттан акыркы курстун студенти деген жана 11-класстын же колледж, институттардагы бааларыңыз көрсөтүлгөн маалымдоо баракчасын тиркешиңиз керек. | | |
| 5. Сертификат, ардак баракчалар жана грамоталарыңыздын көчүрмөсү (акыркы 9,10,11-класстар үчүн). | | |
| 6. Англис тилинде жазылган дил баян. Сөзсүз түрдө, 4-бөлүмдө берилген суроолорго, жооп берилген болуш керек. | | |
| 7.Сиздин класс жетекчиңиздин же кураторуңуздун сунуш каты чапталган конвертте берилет. Толук маалымат үчүн арыздын 6-7-бөлүмдөрүн караңыз. | | |
| 8. Үй-бүлөнүн курамы жөнүндө маалымдама же үй китебинин көчүрмөсү. Ата-энелеринен же камкорчуларынан өзүнчө жашаган студенттер үчүн студенттин өзүнө, ошондой эле анын ата-энелерине же камкорчуларына да маалымдама баракчасы берилет. | | |
| 9. Мамлекеттик каттоодон үй-бүлөнүн ар бир жашы жеткен мүчөсүндө кыймылсыз мүлктүн бар **же** жок экендигин ырастоочу документ. *** (үй-бүлөдөгү баардык 18 жаштан өйдө жашоочуларга)** | | |
| 10.МАИден үй-бүлөнүн ар бир жашы жеткен мүчөсүнүн унаасы, транспорттук каттамы бар **же** жок экендигин ырастоочу справка же документ. *** (үй-бүлөдөгү баардык 18 жаштан өйдө жашоочуларга)** | | |
| 11. Үй-бүлөнүн ар бир жашы жеткен мүчөсүнүн **2024-жылдын 1-марттан тартып 2025-жылдын 1-март айына чейин** жеке адамга төлөнүп берилген кирешелердин жана кармалып алынган киреше салыгы менен пенсиялык чегерүүлөрдүн суммасы жөнүндө каражаттар боюнча маалыматтар. | | |
| 12. Эгер ата-энеңиз/камкорчуңуз жеке ишмер болсо, анын жеке ишмер катары катталгандыгы тууралуу маалымдама, ошондой эле салык инспекциясынан **2024-жылдын 1-марттан тартып 2025-жылдын 1-март айына чейин** болгон киреше декларациясын көрсөтүңүз. | | |
| 13. Эгер ата-энеңиз/камкорчуңуз жумушсуз болсо, мамлекеттик жумуш берүүрү органдардан расмий жумушсуз деген маалымдоо баракчасы. | | |
| 14. Сиздин үй-бүлө мүчөлөрүңүздүн кимдир бирөөсүнүн майыптыгы бар болсо, майыптыгы жөнүндө маалымдама тиркеп коюңуз. | | |
| 15. Эгер ата-энеңиз/камкорчуңуз жашына жараша пенсионер же майып болсо, пенсиондук күбөлүктүн же майыптыгы жөнүндө маалымдоонун көчүрмөсүн көрсөтүңүз. | | |
| 16. Толук эмес үй-бүлөдөн келген студенттер ата-энесинин (ажырашкандыгы, каза болгондугу, асырап алгандыгы) тууралуу күбөлүгүн көрсөтүүгө тийиш. | | |
| 17. Акыркы 3 айдын ичиндеги коммуналдык кызматтардын төлөө эсебинин көчүрмөсү (жылуулук, электр энергиясы жана газ гана) | | |
| 18. ЖМА стипендиясына толтурулган арызды жана ага кошулган баардык документтерди конвертке салып, сыртына аты- жөнүңүздү жана дарегиңизди (шаар, область) жазыңыз. | | |